КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 383/1 2019 жылдын «8» апреля

**“Биз – XXI кылымдын интеллектуалдарыбыз”**
**окуучу, жаштардын Эл аралык сынагын**
**өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамынын 18-беренесине ылайык окуучу, жаштардын ар тараптуулугун калыптандыруу, чыгармачылыгын өнүктүрүү, илимий-техникалык жактан изилдөөчүлүк жана ойлоп табуучулук ишмердүүлүгүн жакшыртуу максатында, **буйрук кылам:**

1. “Биз – XXI кылымдын интеллектуалдарыбыз” окуучу, жаштардын Эл аралык сынагы 2019-жылдын 16 – апрелинен 19-апрелине чейин Ысык-Көл областында өткөрүлсүн.
2. “Биз – XXI кылымдын интеллектуалдарыбыз” окуучу, жаштардын Эл аралык сынагын өткөрүүнүн жобосу, чыгымдар сметасы жана республиканын аймактарынан жана чет өлкөлөрдөн келе турган делегациялардын өкүлдөрүнүн квотасы 1, 2, 3- тиркемелерге ылайык бекитилсин.
3. Жогорку окуу жайлардын ректорлоруна, кесиптик лицейлердин жана колледждердин директорлоруна, облустук координаторлорго, шаардык, райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн жана башкармалыктарынын башчыларына:
   - 2019-жылдын 5-апрелине чейин шаардык, райондук жана областык “Биз – XXI кылымдын интеллектуалдарыбыз” окуучу, жаштардын сынактарын өткөрүү жана алардын жыйынтыгы боюнча Эл аралык сынакка катышуу үчүн командаларды түзүү;
   - 2019-жылдын 8-апрелине чейин квотага ылайык БРИТА “Алтын түйүндүн” дарегине сунуштамаларды жөнөтүү;

- сынакты өткөрүү учурунда балдардын өмүрү жана ден соолугунун саламаттыгына жоопту кызматкерди дайындоо тапшырылсын.

4. Эл аралык сынакка катышуучулардын жол киресине кеткен чыгымдары жөнөткөн тараптан (ата-энелер же дөмөөрчүлөр) каржылансын.

5. Эл аралык сынакты уюштуруу жана өткөрүү иштери «Алтын түйүн» Балдардын республикалык инженердик-техникалык академиясына (мындан ары- БРИТА) (Бапанова Ж. Б.) жүктөлсүн.

6. Эл аралык сынакты өткөрүүгө кеткен чыгымдарды каржылоо «Алтын түйүн» Балдардын республикалык инженердик-техникалык академиясына тапшырылсын.

7. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Мектепке чейинки, мектепте жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгына (М.Ж.Усеналиев) жүктөлсүн.

**Министр** **Г. К. Кудайбердиева**

Атк: Н. Мусаева 62 04 77